**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги**

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети**

Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Окумуштуулар кеңешинде
каралып, бекитүүгө сунушталган
Протокол № 11
"26" 06 2023-ж

Бекитем
Б. Осмонов атындагы
ЖАМУнун ректору, т.и.д.,
профессор К.Ж. Үсенов
________________
"___" ________ 20___-ж.

# Студенттерди модулдарга жана экзамендик сессияга киргизүү жана академиялык карыздарын кайра тапшыруу тартиби боюнча ЖОБО

**Жалал-Абад-2023**

## 1. Студенттерди модулдарга жана экзамендик сессияга киргизүү тартиби

Бул Жобо окуу процессии окутуунун кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндө ЖОБОсунун негизинде иштелип чыккан. Жобо жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларынын мазмундарын өздөштүрүүдө, студенттерди модуль жана экзамендик сессияны тапшырууга уруксат берүүнүн тартибин аныктоочу негизги этаптарын аныктайт.

**1.1** Студенттерге, модулду жана экзамендик сессияны тапшырууга, уруксат берүүнүн негизги шарттары:

а) себепсиз сабактарды калтырбагандыгы же калтырган сабактарды кайра тапшыргандыгы;

б) академиялык карыздары жоктугу;

в) контракттык негизде окуган студенттер үчүн окуу боюнча төлөмдөрдөн карыздары жоктугу.

Факультеттин деканы (колледждин директору же ОИ боюнча директордун орун басары) аталган шартгардын бардыгын текшерип ар бир студентке жекече уруксат берет. Студент, модулга же экзамендик сессияга уруксатты өзү гана алууга милдеттүү. Уруксат бир туугандарына, кураторлорго, же башка адамдарга берилбейт.

Учурдагы семестрде окуу программасында каралган тиешелүү дисциплина боюнча бардык эсептик, эсептик-графикалык, лабораторлук, текшерүү иштерди аткарбай же коргобой калган жана каралган бардык модулдарды тапшырбаган студент, факультет декандары (колледждин директору же ОИ боюнча директордун орун басары) тарабынан экзамендик сессияга кирүүгө уруксаты бар экендигине карабастан, конкреттүү окуу дисциплинасы боюнча өтүмгө (дифференциалык өтүмгө), сынакка киргизилбейт же Жобонун(Студенттерин жетишүүсүн жана билим сапатын баалоочу модулдук-рейтинг системасынын жобосу) негизинде ишке ашырылат.

**1.2.** Факультеттин деканы (колледждин директору же ОИ боюнча директордун орун басары) тарабынан учурдагы аттестацияны жекече өтүү мөөнөтү белгиленет. Аттестацияны жекече өтүү мөөнөтү 2-модулдун же экзамендик сессиянын өткөрүү датасынан бир айдын алгачкы 2 жумасында белгилениши керек. Аттестацияны жекече өтүү мөөнөтүн узартылышы өзгөчө шарттарда (убакыт мезгили ичинде окуучунун тиешелүү формадагы аттестацияны өтпөөгө жүйөлүү себеби болгондо) факультеттин деканынын (колледждин директорунун же ОИ боюнча директордун орун басарынын) чечими менен жол берилет.

Жекече мөөнөттү белгилөө жөнүндө чечим, учурдагы аттестациянын белгиленген мөөнөттө жүйөлүү себептер менен келбей калгандыгын тастыктаган документтерин милдеттүү түрдө тиркелүүсү менен, студенттин арызынын негизинде кабыл алынат.

Өтүмдү (дифференциалдык өтүмдү) тапшырууга жекече мөөнөтү белгиленген учурда, окуу дисциплина боюнча экзаменди тапшыруу факультеттин деканынын (колледждин директорунун же ОИ боюнча директордун орун басарынын) жазуу жүзүндөгү уруксатынын негизинде жүргүзүлөт.

**1.3.** Факультеттин (колледждин) профессордук-окутуучулук курамына факультеттин деканы (колледждин директору же ОИ боюнча директордун орун басары) тарабынан уруксаты жок студенттерден модулдарды жана экзамендерди кабыл алууга уруксат берилбейт. Эгерде уруксаты жок студенттер экзамен-зачетторун тапшырып алган болсо, анда анын баасы комиссиянын катышуусу менен жокко чыгарылат.

## 2. Академиялык карыздары жоюу тартиби жана шарты

**2.1. I баасы** студент кандайдыр бир себептер менен отчеттуулуктарды т.а. модулдарды, экзамен, зачетторду өз учурунда тапшырбай (ооруп калганда(тастыктоочу документа болсо), университеттин иш-чараларына катышканда, үй-бүлөсүндө болгон күтүүсүз жагдайда ж.б.) калып сабактан жетишпеген учурда коюлуучу баа. Ал жөнүндө

студент факультеттин деканына (колледждин директоруна) өз учурунда билдирүүсү, окутуучуга же каттоо офисине билдирүүсү зарыл.

**2.2. FX баасы** жыйынтык баллы 25 баллдан 49 баллга чейин алган студентке коюлат. Студент FX баасын модулдардын жана жыйынтыктоочу текшерүүнүн жыйынтыгы менен же жыйынтыктоочу текшерүүгө катышпай эле модулдардын жыйынтыгы менен ала алат.

**2.3. Студентке** I **жана FX бааларын жоюга** окуу процессин окутуунун кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндө ЖОБОсуна ылайык кийинки семестр башталгандан баштап бир айлык мөөнөт берилет. **I баасын** жана кандайдыр бир жүйөөлүү себептер менен жыйынтыктоочу текшерүүгө келбей калып **FX баасын** алган студент **бааларын(карыздарын) жоюга** арыз менен факультеттин деканына (колледжинин директоруна) кайрылат. Арызда модуль, экзамен, зачетторду тапшырбаган дисциплиналар жана өз учурунда тапшырбай калуунун себептерин так көрсөтөт (себептерин тастыктай турган документтерди тиркейт). Бир айдын алгачкы 2 жумасында деканат (колледж) студенттердин арыздарын карап, тиешелүү студенттерге калтырган сааттарын предметтик окутучулардан кайра тапшырууга убакыт берет. Окутуучулар студенттин калтырган сааттарын кайра окуп тапшыргандыгын арызга тастыктап бергенден кийин студент аны кайрадан деканатка (колледжге) тапшырат. Студенттердин арыздарынын негизинде деканат (колледж) калган эки жума убакыт ичинде өтүлүүчү **I жана FX бааларын жоюнун жадыбалын түзүп,** окуу бөлүмү менен макулдашып, окуу иштери боюнча проректорго бекитет.

**2.4.** Факультеттин деканы (колледждин директору) AVN маалыматтык системасынан электрондук ведомостту ачып берүү үчүн I жана FX бааларын жоючу ар бир студентти ведомосттордун кайсы түрүнө туура келгендигин так көрсөтүү менен университеттин окуу иштери боюнча проректоруна билдирүү берет. Деканат (колледж) тарабынан берилген билдирүүгө окуу иштери боюнча проректордун уруксатынын негизинде окуу бөлүмүнүн тиешелүү кызматкери AVN маалыматтык системасында I жана FX бааларын жоючу кошумча жадыбалга ылайык уруксат берет.

**2.5.** Эгерде студент **I жана FX бааларын** кийинки семестр башталгандан **бир айдын ичинде** жойбосо Жобонун (Жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарында окутуунун кредиттик технологиясы боюнча окуу процессин уюштуруу жөнүндө) негизинде жоюу тартиби жана шарты белгиленет.